КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭМГЕК, СОЦИАЛДЫК КАМСЫЗДОО ЖАНА МИГРАЦИЯ МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ТРУДА, СОЦИАЛЬНОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ И МИГРАЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

______________________ №______ Бишкек шаары

**Эмгекке убактылуу жарамсыздык боюнча жөлөкпулду, кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулду төөлөнүнүн шарттары жөнүндө усулдук көрсөтмөлөрдү жана Расымдык (сөөк коюуга) жөлөкпулду төөлөнүнүн шарттары жөнүндө усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Мыйзамынын 8-беренесине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө" токтому менен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берилген, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуучу ыйгарым укуктарынын тизмесинин 8-пунктунун 1-пунктчасына ылайык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 18-сентябрындагы № 434 "Убактылуу эмгекке жарамсыздык боюнча жөлөкпулду, кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулду берүүнүн тартиби жөнүндө жобону жана Расымдык (сөөк коюуга) жөлөкпулду берүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомун ишке ашыруу максатында, **буйрук кылам**:

1. Бекитилсин:

1) "Убактылуу эмгекке жарамсыздык боюнча жөлөкпулду, кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулду төөлөнүнүн шарттары жөнүндө Усулдук көрсөтмөлөр", 1-тиркемеге ылайык;

2) "Расымдык (сөөк коюуга) жөлөкпулду төөлөнүнүн тартиби жөнүндө Усулдук көрсөтмөлөр", 2-тиркемеге ылайык.

2. Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Социалдык коргоо департаменти, Министрликтин Мониторинг, Сатып алууларды уюштуруу жана техникалык

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

тейлөө бөлүмдөрү, райондук, шаардык, райондор аралык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыктары Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси, Кыргыз Республикасынын “Бийик тоолуу шарттарда жана алыскы барууга кыйын зоналарда жашаган жана иштеген адамдар үчүн мамлекеттик гарантиялар жана компенсациялар жөнүндө” жана Кыргыз Республикасынын “Кепилденген мамлекеттик минималдык социалдык стандарттар жөнүндө” Мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 18-сентябрындагы № 434 “Убактылуу эмгекке жарамсыздык боюнча жөлөкпулду, кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулду берүүнүн тартиби жөнүндө жобону жана Расымдык (сөөк коюуга) жөлөкпулду берүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтому жана ушул Усулдук көрсөтмөлөр менен убактылуу эмгекке жарамсыздык боюнча, кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулдарды жана расымдык жөлөкпулдарды берүүнү камсыз кылган ушул буйрукту жетекчиликке алсын жана так аткарууну камсыз кылсын.

3. Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Социалдык коргоо департаменти кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулдарды жана расымдык (сөөк коюуга) жөлөкпулдарды дайындоо маселесин ушул буйрукту эске алуу менен туруктуу негизде Министрликтин райондук, шаардык, райондор аралык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыктарына практикалык жана методикалык жардамды көрсөтсүн.

4. Министрликтин райондук, шаардык, райондор аралык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыктары:

1) кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулду жана расымдык (сөөк коюуга) жөлөкпулду төлөө Социалдык жардамдын корпоративдик маалыматтык системасы (мындан ары - СЖКМС) аркылуу ишке ашырсын;

2) кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпул жана расымдык (сөөк коюуга) жөлөкпул жөнүндө калк арасында үзгүлтүксүз түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн.

5. Министрликтин райондук, шаардык, райондор аралык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыктарынын башчыларына кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулду жана расымдык (сөөк коюуга) жөлөкпулду туура жана өз убагында дайындоо жана төлөп берүү боюнча жоопкерчилик жүктөлсүн.

6. Министрликтин Сатып алууларды уюштуруу жана техникалык тейлөө бөлүмү төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) СЖКМСте кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулду, расымдык (сөөк коюуга) жөлөкпулду төлөө боюнча, ошондой эле кириш жана чыгыш маалыматтарын түзүү иштерин калыптандырууну;

2) СЖКМСтин башка ички ведомстволук маалыматтык системалар жана мамлекеттик органдардын маалыматтык системалары менен өз ара аракеттенүүсүн;

3) СЖКМСтин маалыматтарын электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы менен интеграциялоо жана иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүн.

7. Мамлекеттик социалдык төлөмдөр боюнча чечимдерди даярдоо башкармалыгы:

1) бул буйрук катталган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-февралындагы № 117 “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоо булактары жөнүндө” токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин расмий веб-сайтына жайгаштырсын;

2) расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде буйруктун көчүрмөсүн мамлекеттик жана расмий тилдерде, кагаз жана электрондук түрдө жарыялоо булагын көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жиберсин;

3) буйрук күчүнө кирген күндөн тартып, үч жумушчу күндүн ичинде буйруктун көчүрмөсүн маалымат үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жиберсин.

8. Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин 2019-жылдын 28-ноябрындагы № 145 “Убактылуу эмгекке жарамсыздык боюнча жөлөкпулду жана кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулду берүүнүн тартиби жөнүндө Усулдук көрсөтмөлөрдү жана Расымдык (сөөк коюуга) жөлөкпулду берүүнүн тартиби жөнүндө Усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү жөнүндө” буйругу күчүн жоготту деп таанылсын.

9. Чечимдерди көзөмөлдөө жана административдик камсыздоо башкармалыгы бул буйрукту аткаруучуларга жеткирсин.

10. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып жети күндүн ичинде күчүнө кирет.

11. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин биринчи орун басары А.К.Солтонбековага жүктөлсүн.

## Об утверждении Методических указаний о порядке предоставления пособия по временной нетрудоспособности, пособия по беременности и родам и Методических указаний о порядке предоставления ритуального пособия (на погребение)

В соответствии со статьей 8 Закона Кыргызской Республики «О нормативных правовых актах Кыргызской Республики», с подпунктом 1 пункта 8 Списка отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики, делегируемых государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления Кыргызской Республики, утвержденного постановлением Кабинета Министров

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики Государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года № 115, а также в целях реализации постановления Правительства Кыргызской Республики «Об утверждении Положения о порядке предоставления пособия по временной нетрудоспособности и пособия по беременности и родам и Положения о порядке предоставления ритуального пособия (на погребение)» от 18 сентября 2018 года № 434, **приказываю**:

1. Утвердить:

1) «Методические указания о порядке предоставления пособия по временной нетрудоспособности, пособия по беременности и родам», согласно приложению 1;

2) «Методические указания о порядке предоставления ритуального пособия (на погребение)», согласно приложению 2.

2. Департаменту социальной защиты при Министерстве труда, социального обеспечения и миграции Кыргызской Республики, Отделу мониторинга, Отделу организации закупок и технического обслуживания, районным, городским, межрайонным управлениям труда, социального развития и миграции принять к руководству и обеспечить строгое выполнение настоящего приказа, применяемый вместе с Трудовым кодексом Кыргызской Республики, Законом Кыргызской Республики «О государственных гарантиях и компенсациях для лиц, проживающих и работающих в условиях высокогорья и отдаленных труднодоступных зонах», Законом Кыргызской Республики «О гарантированных государственных минимальных социальных стандартах», постановлением Правительства Кыргызской Республики от 18 сентября 2018 года № 434 «Об утверждении Положения о порядке предоставления пособия по временной нетрудоспособности, пособия по беременности и родам и Положения о порядке предоставления ритуального пособия (на погребение)» и настоящими Методическими указаниями, предусматривающими предоставление пособий по временной нетрудоспособности, беременности и родам и ритуального пособия (на погребение).

3. Департаменту социальной защиты при Министерстве труда, социального обеспечения и миграции Кыргызской Республики на постоянной основе оказывать практическую и методическую помощь районным, городским, межрайонным управлениям труда, социального обеспечения и миграции по вопросам предоставления пособия по беременности и родам и ритуального пособия с учетом прилагаемого приказа.

4. Начальникам районных, городских, межрайонных управлений труда, социального обеспечения и миграции министерства:

1) предоставление пособия по беременности и родам, ритуального пособия осуществлять через систему Корпоративной информационной системы социальной помощи (далее - КИССП);

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

2) проводить на регулярной основе разъяснительную работу о предоставлении пособия по беременности и родам и ритуального пособия среди населения.

5. Возложить персональную ответственность за правильное и своевременное предоставление пособия по беременности и родам, ритуального пособия на начальников межрайонных, районных и городских управлений труда, социального обеспечения и миграции.

6. Отделу организации закупок и технического обслуживания обеспечить:

1) отлаженную работу КИССП в части назначения пособия по беременности и родам, ритуального пособия (на погребение), а также формирования входных и выходных данных;

2) взаимодействие КИССП с другими внутриведомственными информационными системами и информационными системами государственных органов;

3) возможность интеграции и обработки данных КИССП с государственным порталом электронных услуг.

7. Управлению по подготовке решений по государственным социальным выплатам:

1) в течение трех рабочих дней со дня регистрации настоящего приказа принять меры по его официальному опубликованию в соответствии с постановлением Правительства Кыргызской Республики «Об источниках официального опубликования нормативных правовых актов Кыргызской Республики» от 26 февраля 2010 года № 117, на официальном веб-сайте Министерства труда, социального обеспечения и миграции Кыргызской Республики.

2) в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования направить копию приказа на государственном и официальном языках, на бумажном и электронном носителях, с указанием источника опубликования в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов;

3) в течение трех рабочих дней со дня вступления приказа в силу направить копию приказа в Администрацию Президента Кыргызской Республики для информации.

8. Признать утратившим силу приказ Министерства труда и социального развития Кыргызской Республики «Об утверждении Методических указаний о порядке предоставления пособия по временной нетрудоспособности и пособия по беременности и родам и Методических указаний о порядке предоставления ритуального пособия (на погребение)» от 28 ноября 2019 года № 145.

9. Управлению по контролю решений и административной поддержке довести настоящий приказ до исполнителей.

10. Настоящий приказ вступает в силу по истечении семи рабочих дней со дня официального опубликования.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



Кол койгон: Сабиров Р.А.

11. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на первого заместителя министра - А.К.Солтонбекову.

**Министр** **Р.А. Сабиров**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



Кол койгон: Сабиров Р.А.